| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ<br>КЕҢ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕН-ТАЛААСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# Кең-Талаа айылдык кеңешинин токтому

**2026-жылдын 17 - марты № 14** **Бешкент айылы**

**Коомчулуктардын демилгелери боюнча улуттук долбоорунун алкагында чакан долбоорлорду Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттигине сунуштоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Коомчулуктардын демилгелери боюнча улуттук долбоорунун алкагында айыл аймагында социалдык жана экономикалык инфраструктураны өнүктүрүүгө багытталган чакан долбоорлорду ишке ашыруу максатында Кең-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн сунушун карап чыгып Кең-Талаа айылдык кенешинин Регламентинин 2- главасынын 2.1-пунктуна ылайык Кең-Талаа айылдык кенешинин кезектеги 4 сессиясы
**токтом кылат:**

1. Коомчулуктардын демилгелери боюнча улуттук долбоорунун алкагында чакан долбоорлор сунушталсын:
   - Социалдык инфраструктура: Мурас айылына УДТ имаратын куруу;
     Бешкент айылындагы оорууканага кошумча имарат куруу;
     Эски оочу айылына жабык мини футбол аянтчасын куруу;

   - Экономикалык багыт: Айылдарда мөмө-жемиштерди кайра иштетуу цехтерин куруу долбоорлору колдоого алынсын жана долбоорлорду Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги аркылуу ишке ашырууга макулдук берилсин.

2. Айыл өкмөтүнө төмөнкүлөр милдеттендирилсин:
   2.1. Социалдык инфраструктуралык чакан долбоор боюнча зарыл болгон документтердин топтому даярдалып ,Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттигине жөнөтүл-сүн.
   2.2. Чакан долбоорду ишке ашырууда ачык- айкындуулук жана коомчулукту маалымдоо камсыз кылынсын.

   2.3. Экономикалык багыт боюнча Коомдоштуктардын демилгелери боюнча улуттук долбоордун конкурсуна тийиштуу документтер даярдалып тапшырылсын

3. Бул токтомду аткаруу жагы Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Ш Джумабаевге жүк-төлсүн.

4. Бул токтом Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн https;II ken-talaa.gov KG расмий веб-сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы “Бюджет.экономика,инвестиция,муниципиалдык менчик, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча” туруктуу комиссиясынын төрайымына милдеттендирилсин.

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б.Жумабайев.**